**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ**

**Б. ЖАМГЕРЧИНОВ АТЫНДАГЫ ТАРЫХ, АРХЕОЛОГИЯ**
**ЖАНА ЭТНОЛОГИЯ ИНСТИТУТУ**

**Ж. БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК**
**УНИВЕРСИТЕТИ**

**ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ Д 07.21.628**

Кол жазма укугунда

УДК: 947. 083: 398

**Наркеев Сапарбек Анарбекович**

# ЭЛДИК ООЗЕКИ ЧЫГАРМАЛАР ОРУС КОЛОНИАЛИЗМИ БОЮНЧА ТАРЫХЫЙ-ЭТНОГРАФИЯЛЫК БУЛАК КАТАРЫ
**(XIX кылымдын экинчи жарымы)**

**07.00.07 – этнография, этнология жана антропология**

**тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук**
**даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын**
**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**БИШКЕК – 2021**

**Диссертация Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин Жалпы тарых кафедрасында аткарылды.**

**Илимий жетекчиси:** **Каратаев Олжобай Кубатбекович**
тарых илимдеринин доктору, профессор

**Расмий оппоненттер:** **Турдалиева Чолпон Джапарбековна**
тарых илимдеринин доктору, Борбордук Азиядагы Америка Университетинин антропология, технология жана эл аралык өнүгүү кафедрасынын профессору

**Капалбаев Октябрь Эркинович**
тарых илимдеринин кандидаты, доцент, Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппаратынын гуманитардык өнүктүрүүгө мониторинг жүргүзүү жана жарандык коомдун институттары менен өз ара аракеттенүү бөлүмүнүн башчысынын орун басары

**Жетектөөчү уюм:** Ош мамлекеттик университетинин Кыргызстандын тарыхы, археология жана этнология кафедрасы (723500. Ош шаары, В.И. Ленин көчөсү, 331. )

Диссертация 2021-жылдын 30-апрелинде саат 15:00дө Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Б. Жамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институтуна жана Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине караштуу тарых илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуу даражасын изденип алуу үчүн диссертацияларды коргоо боюнча Д 07.21.628 диссертациялык кеңешинин жыйынында корголот. Дареги: Бишкек ш., Чүй проспекти, 265-а

Диссертация менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер Академиясынын илимий китепканасынан таанышууга болот. Дареги: Бишкек ш., Чүй проспекти, 265-а, жана Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин китепканасынан таанышууга болот.Дареги: Бишкек ш., М.В.Фрунзе көчөсү, 547.

Автореферат 2021-жылдын 30-мартында таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы, тарых илимдеринин кандидаты, ага илимий кызматкер** **А.З. Жапаров**

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Кыргызстан жана кыргыз калкы эгемендүүлүккө ээ болгондон тартып (1991-ж. бери карай), элибиздин басып өткөн карт тарыхына, тагыраак айтканда этногенез маселелерине, этностук тарыхына, этносаясий жана руханий баалуулуктарына болгон илимий өңүттөгү кызыгуулары жанданды. Гуманитардык багыттагы илимдерди, анын ичинен тарых жана этнография илимин элдик оозеки чыгармаларды пайдалануусуз изилдөө жүргүзүү мүмкүн эмес. Себеби, аталган булактар тарых жана этнология, этносаясат таануу илимдери үчүн көөнөргүс булак катары кызмат өтөрү ырас жана этнологиялык маалыматтар, каада-салт, үрп-адат, жөрөлгө жана салттуу маданиятка байланышы бар.

Ал эми Орусия падышалыгынын отордук саясаты кыргыз калкынын тарыхый тагдырына, этносаясий эс-тутумуна, этнопсихологиясына таасир эткен, тагыраак айтканда, оозеки чыгармаларда өткөн доордун тарыхы, жашоо шарты (салттуу маданияты, тамак-ашы, кийим-кечеси, музыкасы, дастандары ж.б.), образы ж.б. тарыхый-этнографиялык, этносаясат таануучу маалыматтарды берген окуяларды, тарыхый кубулуштарды чагылдырары калетсиз.

Ошентип, Орусия падышалыгынын оторчулук доорун изилдөөдө элдик оозеки маалыматтарга жана ошол доорго тиешелүү заманчы акындардын, Молдо Ныяз, Молдо Кылыч, Токтогулдун, Жеңижок сыяктуу акындардын ырларына таянып, ал мезгилди изилдөө – актуалдуу маселелердин бири. Элдик фольклорлордо оторчулук доорго сын көз караш менен карап, эски заманды барктаган учурлар да кездешет. Демек, элдик ырларды тарыхый булактар менен салыштырып изилдөө, кыргыз этносунун башка элдерден айырмалап турган өзгөчөлүк экендиги даана көрүнүп турат.

Элдик оозеки чыгармаларда, айтымдарда ошол мезгилдерде болуп өткөн окуянын «негизги өзөгү» чагылдырылган. Совет доорунда падышалык орусиянын оторчулугунун изилдениши негизинен жазма даректерге таянып жазылган, ал эми эгемендик доордо элдик оозеки чыгармаларды тарыхый булак катары колдонуп изилдөө жанданды, мында азаттык үчүн күрөшкөн кыргыз элинин этносаясий абалы, мекенчилдиги, жашоосу таасын чагылдырылганын тарыхый булактар да ар тараптуу тастыктайт. Оторчулук доордо Орусия падышачылыгы жана Улуу Британия сыяктуу “ чоң оюнчу” мамлекеттердин саясатынын таасири күч болгон. Алардын “чоң оюндары” кыргыз элинин этносаясий абалына, биригүүсүнө тоскоолдук жараткан, ошондой эле падышалык башкаруучулар “бөлүп башкар”, “токоч жана камчы” этносаясатын ишке ашырганын, фольклордук маалыматтар тастыктап турат. Кыргыз элинин оторчулук доорундагы этносаясий аң-сезимин жазма булактардын негизинде гана карабай, элдик оозеки чыгармалар аркылуу дагы тарыхый жактан салыштырып изилдөө, анализге алуу – азыркы мезгилдин

актуалдуу талабы болуп саналат.

**Диссертациянын темасынын илимий прграммалар жана илим-изилдөө иштери менен болгон байланышы.** Аткарылган диссертациялык изилдөө демилгелүү иш болуп саналат жана Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин Жалпы тарых кафедрасында аткарылды.

**Изилдөөнүн максаты, милдеттери -** XIX к. экинчи жарымы – XX к. биринчи чейрегиндеги Орусия империясынын колониалдык-административдик башкаруу системасы жана отордук саясатынын орношу; оторчулардын этносаясатынын негизинде келип чыккан кыргыз элинин азаттык күрөшүнүн элдик оозеки чыгармаларда чагылдырылышын тарыхый-этнографиялык булак катары изилдөө, талдоо жана системалаштыруу.

Бул максатка жетүү үчүн **төмөндөгүдөй милдеттер** коюлган.

1. Кыргыз элинин XIX кылымдын экинчи жарымы – XX кылымдын башындагы социалдык-экономикалык абалын жана азаттык күрөшүн булакнаамалык адабияттар менен элдик оозеки чыгармаларга салыштыруу, тарыхый-этнографиялык өңүттөн комплекстүү изилдөө;

2. Элдик оозеки чыгармалардын, фольклордун айрым жанрларынын (санжыра, болмуш, уламыш, тарыхый баяндар) тарыхый-этнографиялык булак катары маанилүүлүгүн ачып берүү;

3. Элдик оозеки чыгармалардын, фольклордун үлгүлөрүнүн тарых, этнология, этнополитология илимдериндеги ээлеген ордун жана ролун фольклордук чыгармалардын теориялык жана методологиялык негиздерине таянуу аркылуу аныктоо;

4. Элдик фольклордун үлгүлөрүндөгү (мисалы, санжыралык маалыматтар) азаттык идеясынын калыптануусунун эволюциясын тарыхый-этнографиялык, этносаясий өңүттө ырастоо;

5. Акын-заманчылардын философиялык көз-караштарын, падышалык бийликтин оторчулук саясатын, элдин жашоо шартын, келечегин тарыхый-этнографиялык, этносаясий өңүттөн карап чыгуу;

6. Автор тарабынан калк арасынан жыйналган элдик оозеки чыгармачылыктын үлгүлөрүндө кыргыздардын этнологиялык, этносаясат таануу маселелерине сереп салуу;

7. Орусиянын отордук саясатынын оң жана терс жактарынын оозеки элдик чыгармаларда чагылдырылышын иликтөө, бул маселелерде айрым түзөтүүлөрдү, тактоолорду киргизүү.

**Изилдөөнүн жыйынтыгынын илимий жаңылыгы** төмөнкүлөрдү камтыйт: Кыргыз тарыхы жана этнография, этнополитология илиминде XIX кылымдын экинчи жарымы – XX кылымдын башындагы орус падышачылыгынын отордук саясатын, элдин азаттык күрөшүн элдик оозеки чыгармалардын негизинде изилдөө, алгачкы ирет өз алдынча илимий проблема катары

диссертациялык деңгээлде этносаясий, тарыхый-этнографиялык өңүттөгү комплекстүү иликтөөгө алынды;

1. Тарыхый жана этнографиялык булактардан болгон элдик оозеки чыгармалардын тарыхый окуяларды калыбына келтирүүдөгү орду жана ролу такталды;

2. Элдик оозеки чыгармалардын, анын ичинен фольклордун айрым жанрларынын (санжыралык маалыматтар ж.б.) теориялык жана методологиялык негиздери изилденди;

3. XIX к. экинчи жарымы – XX к. биринчи чейрегиндеги тарыхый окуяларга байланыштуу маалыматтар автор тарабынан калк арасынан жыйналган этнографиялык талаа материалдарынын (санжыра, болмуш, тарыхый баян ж.б.) эсебинен байытылды;

4. Отордук саясатка каршы күрөштү чагылдырган, мурда илимге белгисиз болуп келген тарыхый-этнографиялык маалыматтардын жаңы үлгүлөрү табылып, илимге сунуш этилди;

5. Изилдөөнүн жыйынтыгында орус падышалыгынын отордук саясатына каршы күрөштү жетектеген, эл башкарып, элин-жерин коргогон, айрым себептер менен эскерилбей келген, тагдыры чиеленишкен инсандардын тарыхый орду тастыкталып, ишмердүүлүктөрү такталды, тарыхый - этнографиялык булактардын негизинде илимий чөйрөгө сунушталды;

6. Орус падышачылыгына каршы кыргыздардын азаттыкка чыгуу күрөштөрү, алардын этносаясий аң сезими, элдик оозеки чыгармаларда чагылдырылганы, тарыхый-этнографиялык булак катары далилдүү фактылар, маалыматтар менен тастыкталды;

7. Изилдөө объектиси болгон элдик оозеки чыгармалардын негизинде тарыхый окуялар менен элдик оозеки чыгармалардын тарыхый-этнографиялык параллелдүү жалпылыктары такталды;

8. 1873–1876-жылдардагы көтөрүлүшү, 1898-жылдагы Анжиян көтөрүлүшү жана 1916-жылдагы улуттук-боштондук күрөш боюнча жаңы көз караш сунушталды. Тарыхый-этнографиялык булак саналган элдик оозеки чыгармаларда кыргыздардын этносаясий аң сезиминин чагылдырылышы, "кыргыз элинин азаттык күрөшүнүн өзгөчө ыкмасы" деп ырасталды.

**Изилдөөнүн практикалык маанилүүлүгү,** эмгектин материал-дарын, илимий жыйынтыктарын Кыргызстандын тарыхын жана маданиятын окутууда, инсан таануу багыттарындагы изилдөөлөрдө, жалпы эле Кыргызстандын тарыхын иликтөө иштеринде, окуу китептерине атайын курстарды даярдоодо, ЖОЖдордун окуу жүрүмүндө пайдаланууга болот.

**Диссертациянын коргоого коюлуучу негизги жоболору:**

- XIX кылымдын экинчи жарымы – XIX кылымдын башында кыргыз жергеси "чоң мамлекеттердин" талашына айланып, кыргыз эли

мамлекеттүүлүгүнөн ажырап, саясий бытырандылыкта тургандыгы булакнаамалык адабияттарда жана элдик оозеки чыгармаларда бирдей тастыкталат;

- Кыргыз элдик оозеки чыгармалардын негизинде Орусия падышалыгынын басып кирүүсүнүн натыйжасында кыргыз эли эки топко бөлүнгөнү көрүнөт. Биринчи тобу Орусия падышалыгына ыктаган тараптарды түзсө, экинчи топтогулар көп этностук Кокон хандыгын кыргыздардын да мамлекети катары эсептеген.
- Азаттык, мамлекеттүүлүк үчүн кандуу күрөштөрдө Аксылык, Анжияндык, Алайлык жана Теңир-Тоолук кыргыздардан чыккан тарыхый инсандардын мекенчилдигин, кыргыз жерин, элин сактоодо этносаясий ролу жана баатырдыгын көрсөтүшкөндүгү элдик оозеки чыгармаларда жана тарыхый булактарда чагылдырылган;
- Орус падышалыгына каршы боштондук күрөштөрдө кыргыздардын уруу башчыларынын өнөктөштүгү, азаттыкка умтулуулары маанилүү этносаясий ролго ээ болгон. Падышачылыктын аскердик мекемеси кыргыздардын үстүнөн туруктуу бийлигин орнотууну ишке ашыргандыгын элдик оозеки чыгармалар ырастайт;
- Түштүк кыргыз урууларынын Алымбек датка, Алымкул аталык, Исхак Асан уулу, Полотбек Токтогул уулу, Шер датка, Шамырза датка, Миңбай датка, Момун датка сыяктуу төбөлдөрү көп этностуу Кокон хандыгындагы ордо саясатына жигердүү катышкандыгы элдик оозеки маалыматтарда даана тастыкталат.

**Изилденүүчүнүн жеке салымы:**

- Автор тарабынан Ысык-Көл, Нарын, Чүй, Талас, Жалал-Абад, Ош, Баткен облустарында жашаган кыргыздарды кыдырып, сурамжылоолор, байкоолор жүргүзүлүп,орус падышалыгынын кыргыздарга болгон саясатын далилдеген элдик оозеки чыгармалар чогултулду, ал материалдарга талдоолор жүргүзүлдү;

- Изилденүүчү көтөргөн маселе боюнча көптөгөн тарыхый булактар тастыкталды;

- Орус окумуштуу-саякатчыларынын, аскер чыгыш таануучуларынын кыргыз элинин этносаясий тарыхы тууралуу берген айрым билдирүүлөрүнүн жана маалыматтарынын үстүртөн берилгендиги оозеки элдик эпикалык чыгармалар аркылуу далилденди;

- Автор тарабынан этнографиялык илиминин айлампасына элдик оозеки чыгармалардын материалдары киргизилди.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарынын апробоцияланышы:** Диссертациялык иштин жоболору, корутундулары жана башка материалдары республикалык жана эл аралык илимий–практикалык конференцияларда, семинарлардагы

баяндамаларда жана окууларда чагылдырылган, ошону менен катар “1916-жылдагы улуттук-боштондук көтөрүлүшүнүн 80-90-жылдыгына” арналган илимий практикалык конференцияларда (КУУнин Жарчысы, №2014-ж. 162-166-бб), атайын окуу колдонмолор (УДК (575.2.) ББК63.3. Ки) даярдалган. Эл аралык кыргыз-өзбек мамилелеринин урматына жана КӨУнин түзүлгөндүгүнүн 15 жылдыгына карата илимий-практикалык конференцияларда (Кыргыз-Узбек университетинин Жарчысы. №2 (1) 2009-ж. 85-87-бб, 87-90-бб) чагылдырылган. Диссертациялык иштин негизги жоболору, корутундулары Жалал-Абад мамлекеттик университетинин жана коллеждеринин дарстарына киргизилген.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын басылмаларда чагылдырылышынын толуктугу.** Диссертациялык иштин жоболору, корутундулары жана башка материалдары республикалык жана чет өлкөлүк басылмалардагы автордун эмгектеринде жазылган, атап айтсак, «Modern Sciense» № 10.2016. Moscow. 38-40c, Казак Республикасынын Ш.Ш.Валиханов атындагы Тарих жана этнология институтунун «Отан тарихи» №2. 2009, 183-193-бб., Ошондой эле КУУнин Жарчысы атайын чыгарылышы (2014, 158-162-бб.). Жалпысынан автор тарабынан тарабынан 14 макала илимий басылмаларда жарыяланган.

**Диссертациянын структурасы жана көлөмү** коюлган милдет, максат жана изилденүүчү маселелерди чечүүнүн логикалык ырааттуулугу менен шартталган. Иш киришүүдөн, төрт бөлүмдөн, тогуз параграфтан, корутундудан, тиркемелерден жана колдонулган адабияттардын тизмесинен турат. Диссертациялык иштин көлөмү 219 беттен турат.

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

Киришүүдө теманын актуалдуулугу көрсөтүлүп, иштин максат жана милдеттери коюлду. Илимий жаңылыгы, практикалык маанилери аныкталып, коргоого алып чыгуучу негизги жоболор, иштин апробоцияланышы, түзүлүшү жана көлөмү берилди.

**Биринчи бөлүм “Элдик оозеки чыгармалар тарыхый-этнографиялык булак. Орусия падышачылыгынын жүргүзгөн саясатынын элдик оозеки чыгармаларда чагылдырылышы. Булактаануу жана тарыхнаама”, -** деп аталып, биринчи параграф **Тарыхый-этнографиялык (этнологиялык) булактар жана Совет дооруна чейинки тарыхнаама** деп аталат. Темага тиешеси бар биринчи топтогу тарыхый адабияттарга алгач кыргыз элинин XIX кылымдардагы жашоо турмушун, уруулук түзүлүшүн, коомдук жана этносаясий абалын, чарбасынын мүнөзүн талдаган чыгыш таануучулук, серептик, этнологиялык маанидеги чыгармалар кирет. Орусия оторчулугунун жүргүзгөн саясатына каршы чыккан жергиликтүү элдердин этносаясий каршылыктары, көтөрүлүштөрү архивдик материалдарда көрсөтүлгөн. Элдик айтымдардагы айтылган ойлор менен тарыхый маалыматтардын бир топ жакындыктары бар экендиги илимий талдоого алынган.

Заманчы акындардын, ошондой эле Жеңижок, Токтогул, Тоголок Молдо, Талып Молдонун жазгандарында: *«жасоолдору кармап алып,байлардын жакшы аттарын тартып алып, коркутуп,тилмечке керек деп ичик, чапан, тартып алып турушкандыгын»* эскерилет, ал эми Молдо Нияздын ырларында*: «Отуз жылга жакындап/ Орус келип зор болду/ Оң,солдун баары кор болду»*,-деген ыры баяндап тургандай эле орус отордук бийлиги Кокон хандыгын каратып алуу аракеттери 1868-жылдан башталып, 1898-жылы толук отордук бийлиги орногонун, арадан 30 жыл өтүп оң жана сол, ичкилик кыргыз урууларынын этносаясий абалы, жашоосу оорлогонун акын так баяндайт, ошол эле кезде оторчулардын «камчы жана токоч» саясаты өкүм сүрүп, элдин каада-салтында, жашоосунда кескин кыйчалыштар болуп турганын Молдо Нияз сыяктуу акындардын ырлары жана эл оозунан жыйналган материалдардын негизинде изилденип, салыштырууларга алынган.

Жергиликтүү тарыхый булактардын негизинде Кокон хандыгынын саясий тарыхын чагылдырган көлөмдүү эмгектин жана кыргыздардын чарбалык турмушун сүрөттөгөн очерктин автору белгилүү чыгыш таануучу В.П.Наливкин болуп саналат. Жергиликтүү калктын тилин жакшы өздөштүрүшкөн. В.П.Наливкин жана анын жубайынын чыгармалары «Туркестанские Ведомости» гезитине чыгып турган [1881, 20-21, 34-46-б.]. Алардын макалалары азыркы күнгө чейин өз баалуулугун жоготпой келет.

В.П.Наливкин кыргыз, багыш, найман, могол, кырк жана башка урууларды, атүгүл казактарды да 92 боолуу элеттик өзбектер деп салттуу атап, көчмөн өзбектерин илатийа (элеттик) конфедерациясына киргизген. Ал эми Н.Ситняковский эмгегинде отор доорундагы кыргыздын отуз уул уруулары тууралуу жазса, барон А.А. фон Фёлькерзам Фергана аймагындагы кыргыз элинде токуучулук мыкты өнүккөн жана кыргыздардын килем токуу өнөрү байыркылыгы жана кооздугу менен айырмаланат деп жазган.

Орусиялык булактарга кыргыз оозеки чыгармаларынын маалыматтарын салыштырдык. Маселен, оторчулук доору менен бирге эле Шабдан баатыр тууралуу маалыматтар манасчы Сагымбайдын ырларынан дагы жолугат. Осмонаалы Сыдыковдун «Тарих-и кыргыз шадмания» [1990, 190-б] эмгегинде орус оторчулугу тууралуу маалыматтар жана Пишпек уездинин кыргыздарынын 1905-жылдын 30-июнундагы Ш. Жантаевдин жетекчилигинде Орусия оторчулук бийлигине карата «петиция» даярдаганы тууралуу маалыматтар камтылган. Кыргызстан УИАсынын Кол жазмалар фондуна өткөрүлгөн маалыматтар көрсөтүп тургандай, тарыхый окуялар менен элдик оозеки чыгармалардын маалыматтары дал келип турат.

Ал эми экинчи параграф «**Совет доорундагы элдик оозеки чыгармаларды, фольклордун үлгүлөрүн изилдөөнүн тарыхнаамасы (1918–1991-жж.)»** деп аталып, мында совет доорунда кыргыз тилине жана тарыхына

байланыштуу айрым маселелер боюнча кайчы жана талаштуу пикирлер иликтенген. БКП(б)нын БКнин тарыхый токтому жарыяланган учурдан баштап, А.А.Ждановдун баяндамасында ачык идеялык талап жана андан кийинки идеологиялык күрөштөрдө цензурачылар үчүн кужүрмөн программа болуп берген. Маселен, кээ бир адабиятчылар жана тарыхчылар революцияга чейинки инсандардын жана тарыхый окуялардын фольклордогу чагылдырылуусун БКП(б)нын БКнин токтомуна чейин бир тараптуу мактоого алышкан жана алардын терс жактарын жаап жашырган имиш деген кинеге жана катаал сынга кабылган.

Алардын ичинен А.Н.Бернштам, С.М.Абрамзон, Т.Саманчиндердин эмгектери катуу сынга алынган.

Өзгөчө окумуштуу А.Н.Бернштам «Ормон хандын XIX кылымда кыргыз урууларын бириктирүүгө аракет жасаган жана бул орус падышасы Иван IVнүн орус мамлекетин борборлоштурууга» жасаган аракетин кайталаган, деген пикири үчүн өзгөчө сынга дуушар болгон. Ал эми Б.Жамгырчинов «кыргыз элинин феодал хандарын идеализациялаган» жана Ормон хандын доорундагы патриархалдык-феодалдык калдыктарды мактаган, деп күнөөлөнгөн.

Алар советтик тарых илими жана кыргыз тарыхы хандардын тарыхын изилдебейт, элдин тарыхын окуп үйрөнөт деген жүйөө менен сынга алынган. Ошондой эле «Орусия падышачылыгы кыргыз жерлерин каратып алган» деген аныктамалар туура эмес деп эсептелинген, кыргыздар орус падышалыгына «кошулган», «ыктыярдуу бириккен» деген сөздөр менен алмаштырылуусу зарыл деп сунушталган. Ошол эле учурда улуттук маанайда жазылган илимий эмгектердин, популярдуу макалалардын авторлору ачык эле куугунтуктала баштаган.

Эгерде 1937–1938-жылдардагы репрессия таасиринен улам, ал кездеги интеллигенциянын өкүлдөрү коркуу менен күн кечирип калган болсо, ал эми андан кийинки этаптарда авторлор режимден чочулоо жана жагынуучулук, корунуу менен эмгектерин жаза баштаган жана ачыктан-ачык кечирим суроого өткөн.

Ошондой эле элдик фольклорду жана адабиятты көзөмөлгө алуу деген компартиянын программасы болгон, себеби адабият советтик идеологиянын маанилүү каражаты катары кызмат кылган. Проф. Ш.Дж.Батырбаева туура белгилегендей: «Элдик фольклорду, адабиятты көзөмөлдөө – бул улуттун маданиятын жана тарыхын жок кылууга тете иш болгон» [2019, 15-б.].

Ошентип, совет доорунда элдик оозеки чыгармаларды тарыхый булак катары колдонуу солгундап, бул чыгармалардын бир катар маалыматтары көп учурда эскинин калдыгы катары четке кагылган.

Үчүнчү параграф «**Эгемендүүлүк доорунда элдик оозеки чыгармаларды**

**изилдөөлөр (1991–2020 жж.)»** деп аталат. Эгемен доордо Орус падышалыгынын Кыргызстандагы отордук саясатын изилдөөдө элдик оозеки чыгармалардын ордун баалоо боюнча алгачкы илимий саамалык катары Т.Кененсариев менен Э.Авазовдун [2002, 164] эмгегин атасак болот. Ал эмгекте орус отордук саясаты, акын Т.Сатылгановдун ырларынын негизинде отордук доор изилденген. Ошондой эле К. Койлубаев [2010, 98] Молдо Нияз, Алдаш Молдо, Молдо Кылычтын ырларына адабий жактан анализ берген. Ал эми Н. Нарынбаеванын [2011, 239] эмгегинде кыргыз элинин кара сөз мифтерине анализ берилип, бир топ кызыктуу маалыматтар камтылган.

Кыргыз тарыхында алгач ирет чет элдик батыш мамлекетинин саякатчыларынын маалыматтарынын негизинде отор доорду изилдеген эмгектерден Ч.Турдалиеванын [2008] бараандуу китеби баалуу эмгектердин катарын толуктайт. Мында кыргыз жериндеги орус оторчуларынын саясий жана этносаясий, диний, этносоциалдык турмушундагы прогресс тууралуу, ошондой эле кыргыз аялдарынын коомдогу орду тууралуу кызыктуу маалыматтар жазылган.

Ушул сыяктуу эле Б.Боотаеванын [1995] эмгегинде кыргыздардын Кокон ордосундагы азаттыкка умтулуулары, ордодогу кыргыздардын ролу тууралуу кызыктуу маалымат кездешет. В.Анарбекованын эмгеги кошок ырларды анализдеген мыкты эмгектердин катарын толуктаса, ал эми В.Плоских, Ж.Джолдошованын [2011] биргелешип изилдеп жазган эмгектеринде Курманжан датка тууралуу кызыктуу маалыматтарды жазууда тарыхый булактар жана элдик оозеки маалыматтар арбын колдонулуп, шөкөттөлүп мыкты жазылган. Ал эми өзбек тарыхчылары азыркы доордо Анжыян көтөрүлүшү тууралуу эгемен көз караш менен жазган өзбек авторлору А.Эгамназаровдун, Ш.Шамсудинов, Ш.Каримов, У.Убайдуллаевдердин эмгектеринен кыргыз тарыхына тиешеси бар маалыматтарды алууга болот.

1916-жылдагы улуттук боштондук көтөрүлүш тууралуу алгачкы эмгектер катары Ж Абдрахмановдун эскерүүсүн, К. Үсөнбаевдин атайын эмгегин жана архивдик документтер жыйнагын атасак болот.

Ошону менен катар эле Табылды Актандын эмгегинде элдик оозеки маалыматтар берилген. Ушул окуяга тиешелүү документтик материалдардан түзүлүп, эмгекке керектүү архивдик документтер пайдаланылган. Ушул доор тууралуу тарыхтын актай барактарын казак тарыхчысы А.Ш. Махаева, кыргыз илимпоздору Т.К.Шейшеканов, Б.Ураимов ар тараптуу изилдешкен. Т.К.Чороевдин (Чоротегин) [2016, 188-189] эмгегинде ички Теңир-Тоо аймагындагы кыргыздардын азаттык үчүн күрөшкөн калкы жана тарыхта белгисиз болгон инсандардын эрдигин элдик оозеки чыгармалардын негизинде изилдеген эмгегинде, оторчулардын жазалоочу аскерлерине каршы турган Малай Кыдык уулунун эрдиги даана көрсөтүлгөн. Ошондой эле

Р.Жолдошовдун макаласында архивдик жана фольклордук булактардын баалуу маалыматтары арбын кездешет.

Ошентип, совет дооруна чейинки жана совет доорундагы тарыхый булактар орусиялык оторчулардын кызыкчылыгын көздөп жазылгандыгына карабастан, алардан оторчулук доорго тиешелүү маалыматтарды алууга болот. Ал эми эгемендик доордо элдик оозеки чыгармаларды тарыхый булак катары колдонуп изилдөө иштерин улантуу – башкы маселелердин бири болуп саналат.

**Экинчи бөлүм “Элдик оозеки чыгармаларды изилдөөнүн теориялык-методологиялык негиздери”** деп аталат. Биринчи параграф **«Элдик оозеки чыгармаларды изилдөөнүн теориялык-методологиялык негиздери**” жөнүндө иликтөөгө арналган.

***Изилдөөнүн объектиси*** **–** падышачылыктын башкаруу, социалдык-экономикалык саясатын элдик оозеки чыгармаларда чагылдырылышын изилдөө.

Кудаяр хандын адилетсиз бийлигине жана Орус падышалыгынын басып алуучулук саясатына каршы 1873–76-жылдардагы кыргыздардын азаттыкка чыгуу көтөрүлүшүн, кыргыздардын 1898-жылдагы көп этностуу Анжиян азаттык көтөрүлүшүндөгү ролун, 1916-жылдагы чөлкөмдөгү улуттук боштондук көтөрүлүштүн тарыхын элдик оозеки чыгармалардын негизинде тарыхый салыштырмалуу ыкма менен изилдөө, системалаштыруу, анализдөө жүзөгө ашырылды.

Азыркы учурда кыргыз элинин фольклордук чыгармаларынын тарыхый чындыгы бар экендиги изилдөөчүлөрдүн улам арбын кызыгуусун жаратууда. Элдик оозеки маалыматтарды карап чыгууда, кайсы фольклор, элдик чыгармалардагы ырлар, макалдар жана мифтер кантип качан, кайсы доордо, кандайча кырдаалда пайда болгонун карап чыгуу маселеси турат.

Ал эми кыргыз элинин көчмөндүктө жашоосу тууралуу этнограф О.Капалбаев [2020, 61] кыргыздардын көчмөн салттык маданияты диний жана мифологиялык белгилер, эн тамгалар менен көрсөтүлүп, “ыйыктык” мүнөзгө жеткен, деп белгилеген. Буюмдагы ар бир оюмдар, ата-бабалардан калган салттар ыйык катары саналган. Кыргыздардын этносаясий эс тутуму адат-салттарда, элдик ырларда чагылдырылган. Ошондой эле көчмөн кыргыз элине тиешелүү этносоциалдык, этносаясий терминдерди, этносаясий мамилелерди жана диндик тарыхый эс тутумдарды элдик оозеки чыгармалардын негизинде иликтөө менен катар эле өткөн доордо кыргыз цивилизациясы болгонун тактоонун зарылчылыгы жаралууда.

***Изилдөөнүн предмети*** – кыргыздардын XIX кылымдын экинчи жарымы – XX кылымдын башындагы этносаясий абалы, кыргыздардын падышалык Орусия менен алгачкы дипломатиялык байланыштары, Орус падышалыгынын баскынчылык умтулууларына каршы күрөштөр. Теңир-Тоо, Анжиян

жана Аксы, Алай кыргыздарынын Кокон хандыгындагы орду жана алардын Орус падышалыгынын отордук саясатына каршы туруусу, тарыхый окуяларга катышуусу элдик оозеки чыгармалардын негизинде каралды. Кыргыз жомокторун, эпосторун, элдик ырларын, макалдарын жана алардын ички структурасын, композициялык түзүлүшүн изилдөөгө алуу жүзөгө ашырылды. Мында эпикалык чыгармалардын башталышы, байланышы, окуялардын жүрүшү, аскердик кагылышуулары, конфликтилери же сюжеттик түзүмү кандай деген маселелерге тарыхты катарлаш коюп, жооп издөө керек болду.

Адабият менен фольклор абдан тыгыз байланышкан. Бирок элдик оозеки чыгармалардын өзүнүн поэтикалык үнү болоорун Л.Я.Пропп [1976, 28]: "фольклор көркөм каражаттар аркылуу толукталат жана аны менен бирге эле идеялык мазмуну да өтө тереңде жатат. Анын идеялык мазмунун ачып берүү фольклор таануучунун негизги маселеси", – деп таамай белгилеген.

Деги эле фольклор кыргыз этносунун кайра жаралуусунун жана өнүгүшүнүн идеяларын ар дайым сактап келген. Бирок фольклордо окуянын негизги тамыры сакталып калат. Ал эми адабият бир пайда болгондон кийин өзгөрүүсүз калат. Адабиятта автор жана окурман гана болсо, ал эми фольклордо аткаруучу жана угуучу болот. Фольклордо ал өзү катышкан окуяны же уккан окуяны айтып берет. Аткаруучу окуяларды кээде билип, кээде апыртып, сезим туюмдары менен баяндап айтып, окуяга жаңы түс жаратат. Мында айтуучунун жеке чеберчилиги, таланты, шыгы, социалдык абалы, жашоого болгон көз карашы абдан чоң мааниге ээ.

Ар бир тарыхый окуяны изилдеп чыгууда, бири эмпирикалык кырдаалын, дагы бири чарбалык, этномаданий, этносаясий мамилелерин изилдөөгө алуу менен комплекстүү изилдөөгө болот. Анткени комплекстүү изилдөө фольклорго тиешелүү маселелерден деген пикирдебиз. Мисалы, Караханийлердин салттык маданиятында «оп майда» деген дыйканчылык ырынын тексти Махмуд Кашгари Барсканинин сөздүгүндө кездешет жана оторчулук доорунда да бул ырды кыргыз эли ырдаган. Салттык маданияттын тамыры тээ байыркы мезгилдерден башталат. Ошондуктан кыргыздардын этночарбалык, этносаясий турмушун фольклордон изилдегенде, кайсы доордо пайда болгонуна, дыйканчылыктын келип чыгышы, оруп-жыйноо мезгилин тактоо жана ырдын кыргыздардын этнопсихологиясына тийгизген таасирлерин изилдөө керек.

Биздин пикирде, бул маалыматты изилдөөдө орустардын, перстердин майрамдарын типтик салыштырмалуу ыкмасы менен изилдейбиз. Башкача айтканда оторчулук доорундагы «кыргыздардын агрардык майрамдары» тууралуу айтсак, 12 жылдын аталышы, жер-суура сыйынуусу, жер айдаганда ырдалган ырлары, ал эми жер кайсы мезгилде айдаларын кыргыздар «үч үркөр» жылдызына карап байкоо салып дыйканчылыкты башташкан. Оторчулук доорундагы кыргыздардын этночарбасын, этномаданиятын, этносаясий абалын

иликтеп чыгууда кошуна элдердин, тектеш элдердин фольклорун да салыштырып изилдөө абзел.

Экинчи параграф **“Изилдөөнүн методологиясы жана методдору”** деп аталат**.** Орус падышалыгынын отордук саясатын, кыргыз урууларынын орус оторчулугуна каршы этносаясий аракеттерин тарыхый салыштырма ыкма, маектешүү ыкмалары колдонулду. Мектешүүдөн кыргыз этносунун тарыхый эс тутумун жана отор доорундагы этносаясий процесстерге болгон мамилеси элдик ырларда ачык байкалат. Бул тууралуу тарыхчы А.Хасанов элден жазып алган ырдагы: *“Алтын кылат болоттон/ Мамыр чыккан колоттон”,* – деп баяндалган ырды иликтесек, карапайым элден чыккан, мундуз уруусунун башчысы гана эмес, бүтүндөй кыргыз элинин эркиндигин коргогон Мамыр Мергендин эрдиги тууралуу баяндалууда. Кыргыз эли уруу-уруу болуп жашагандыктан, орус оторчуларына каршы туруп, азаттыкка чыгуу күрөштөрүндө ар бир уруусу менен, андан кийин башка уруулаш, кандаш туугандары менен, кыргыз жеринин азаттыгы үчүн жан аябай күрөшүп, көз каранды эместикти сактап калышкан.

Ошондуктан тарыхый элдик ырлар дегенге назар таштасак, анда: “тарыхый фольклор өзүнүн мазмуну боюнча коомдук-социалдык турмуштун калың катмарын камтыйт”, - деген Б.Н.Путиловдун [1976, 224] ойлорун туура деп эсептейбиз. Мында тарыхый окуялардагы инсандар Алымбек датканын, Осмон датканын, Алымкул аталыктын, Зиябидин Магзунинин ишмердиктери, алардын этносаясий ролу абдан зор мааниге ээ болгонун элдик оозеки чыгармалардын жана маалыматтардын негизинде изилденди. XIX кылымдын экинчи жарымынан орус отордук саясаты Фергана аймагындагы кыргыздарды багындырууга куралдуу күч менен аракеттене баштайт. Ошондуктан кыргыз кол башчылары Кокон хандыгын сактап калуу, адилеттүү хандык бийликти орнотуу аракеттерин ишке ашыра баштагандыгын элдик оозеки чыгармаларды салыштырмалуу ыкма, маектешүү менен изилдедик. Айрыкча бул тенденция 1873–1876-жылдары улуттук-боштондук күрөш мезгилинде, ошондой эле Орус падышалык аскеринин Кокон хандыгын жоюуга карата жапырыгынын учурунда жана Абдылдабек датканын азаттык күрөшүндө ачык байкалган.

Кокон хандыгында кыргыз элинин бийлигин бекемдөө үчүн, Искак Полот хан Кокон мамлекетин сактап калуу үчүн орус баскынчылары менен күрөшкөн инсан экендиги белгиленет. Ошондуктан эл арасында: “*Баш үстүндө от жаккан/ Ташкендин элин топ чапкан,* – деген ыр саптарына караганда, азаттыктын башында Полот хандын турганын тарыхый салыштырмалуулук менен тастыктайбыз. Ал эми экинчи бир маанисине караганда Полот хан оторчуларга каршы турууда ага чейин эле согуштук аракеттерге катышканын, калкты башкарууга даяр болгон инсан экендиги маалыматтарда кабарлайт.

Ошондой эле “*Полот хан деген эр экен/ Кыргыздан чыккан шер экен*”/, –

деген ыр саптары Полот ханды кыргыз элинин кол башчысы, ханы экендигин баяндоодо. Анын оторчуларга каршы азаттыкка чыгуу күрөшү 1875-жылдын 25-декабрынан 1876-жылдын 9-январына чейинки өткөн Эки-Суу арасындагы кыргынга дуушар болду. Бирок көтөрүлүш жеңилип, Аксылык, Андижандык жана Алайлык кыргыздар да азаттыгынан, кокон хандыгындагы бийлигинен аргасыздан кол жууду.

Ошентип, Фергана менен Алайдагы 1873–1876- жана Анжиян калайыгынын 1898-жылдагы көтөрүлүшү, 1916-жылдагы улуттук-боштондук күрөштөргө тиешелүү элдик оозеки чыгармаларды изилдөө салыштырмалуу ыкма, элден жыйналган материалдар маектешүү аркылуу жыйналып, изилдөө, окуяларды тактоо учурунда колдонулду.

**Үчүнчү бөлүм “Элдик оозеки чыгармаларды тарыхый-этнография-лык жактан иликтөө жана азаттык идеясынын чагылдырылышы» ,-** деп аталат. Анын биринчи параграфынын аталышы: **«XIX кылымдын аягы-XX кылымдын башында орус падышачылыгынын оторчулук саясатын чагылдырган элдик оозеки чыгармалар тарыхый-этнографиялык булак катары»**. Орусия падышалыгынын саякатчылары кыргыз элине алгачкы келишинде «байкоо жүргүзүү» саясатын ишке ашырганы туралуу элдик ырларда: *«...Омбудан орус келди/ Чулдурап сүйлөп келди/ Аны деп, муну дешип/ Кербенин артынышып», - деп* оторчулар адегенде чалгындоо иштерин жүргүзгөнү чагылдырылат. Аны менен гана чектелбестен орус тыңчылары кыргыздын манаптарынын бир бөлүгүнөн колдоо табууну, алар аркылуу падышалык бийликтин саясатын ишке ашырууну көздөшкөн.

Элдик ырларда баяндалгандай эле орус соодагерлерине, саякатчыларына кыргыздын уруу башчылары оозеки да, кат түрүндө да орус падышалыгы менен кызматташууну каалаган каттарды жазышканын тарыхый документтер ырастайт (тиркемеде). Ал тууралуу элдик ырларда: *«Орускa кол кайрыбай/ Омбуга барып келген»/,* - деген ыр саптарында көрсөтүлгөндөй, сарыбагыш уруусунун бийи Атаке баатырдын орус бийлигине ыктаганы чагылдырылган. Ырлардагы «Миркубандар» деген сөз 1813-жылы кыргыз жерине келген А.Л. Бубеновдун өкүлчүлүгү менен бирге келген Миркубан Ныязов тууралуу көрсөтөт. «Боромбай, Ормон хандар, Эзелтен эки башка», - деген ыр сабында Ормон хан кыргыз элинин эгемендигин каалаган хан катары көрсөтүлгөн. Бирок анын ойлору толук ишке ашкан эмес.

Молдо Кылыч өз ырларында: «Пишпек жана Токмок» чептерин оторчулар тарабынан куралдуу басып алынгандыгы баяндалса, ал эми акын Молдо Ныяз жазган ырларында: *«Орус келип камады / Олуя-Ата, Чымкентти»,* – деп ырдаган. Ошентип, бул сыяктуу көптөгөн ырларда оторчулар Олуя-Ата (Тараз), Чымкент шаарларын куралдын күчү менен каратып алганын тастыктайт. Бул чепти коргоо учурундагы кармашта

Алымкул аталык ырдагы маалыматта кабарлагандай башкы кол башчы болуп турганын баяндайт. Элдик ырда Алымкулдун 6 миңдей аскери болсо, ал эми Миңбай датканын 2-3 миңдей аскери болгон. Негизги күч кыргыздардан туруп, бардыгы биригип 10-12 миң кол деп ырда айтылат, ошондой эле тарыхый булактарда 10 миңдей кол болгондугу кабарланат.

Ал эми 1865-жылдагы Ташкент алдындагы салгылашуу тууралуу Н.Веселовский жазып алган элдик ырларда, Молдо Ныяздын ырларында Алымкул аталыктын Ташкент алдындагы М.Г.Черняевдин аскерине каршы эрдиги чагылдырылат. Падышалык аскерлердин баскынчыл, куралдуу күчүнө кокондуктардын тең келбегендиги жана Ташкенттеги соодагерлердин Орусияга жан тарткандыгы сыяктуу себептерден улам Алымкул аталыктын көп этностуу аскери жеңилди, бирок Алымкул азаттык үчүн кайраттуу турганы, анын улуу колбашчы экендиги тууралуу элдик оозеки жана тарыхый булактар ырастайт.

Бул мезгилде түндүк кыргыз жеринде орустун бийлиги жаңыдан орной баштаган болсо да, Осмон Тайлак уулу сыяктуулар каршылык көрсөтүүсүн улантып жатышкан. *«Эр Тайлактын Осмону/ Качып барып Кашкарга/ Үмөтаалы Чаргынын/ Кашкар барып келген соң,/ Кадырынан тайгылды», –* деп Молдо Кылыч ырларында баяндагандай, алар аргасыздан 1868-жылы гана орус оторчуларына баш ийишкен. Оторчу бийлик кыргыздын манаптарын салттык укуктарынан ажыратышкан. Кыргыздын салтына туура келбеген жорукту башташып, элдин наразылыгын жаратышкан.

А.Н.Бернштам Осмон менен Үмөталынын бул аракеттерине: «алардын аракеттери кыргыз элинин көз карандысыздыкка карай багыт алышынын прогрессивдүү багыты катары кабылдоо керек», -- деп туура, так баа берген.Анткени алардын этносаясий жана азаттык үчүн күрөшү «азаттык күрөштүн ошол доордогу кыргыз ыкмасы» катары сыпаттасак болот. Себеби кыргыздар азаттыкка умтулууда ар дайым уруулаштары, жакындары, андан кийин жалпы эл менен биригип күрөш жүргүзүп келишкен.

Ошону менен катар эле Кыргызстандын түштүгүнө келген орустар жөнүндө Молдо Ныяз: «*Оюбузда жок эде/ Орус келди каяктан?/ Кыялыбызда жок эде/ Муруту кирип оозуга /Бүксөйгөн келди каяктан?/ Чүрчүт келди каяктан?/ Бетти, колун жувваган / Тоңуз келди каяктан*»/, - деп оторчулардын келиши алардын жашоосу такыр башкача экендигин ачык эле жашырбай баяндаган. Орус падышачылыгынын баскынчыл саясаты айрыкча, Кыргызстандын түштүгүн каратып алууда күч алган.

Кыргыздар өз алдынча мамлекеттүүлүгүн түзүүнү көздөп, орус бийлигине каршы турушкан, бул абалга орус стратегдери көз салып турушкан жана ыңгайлуу учурду күтүшкөн. Ошол эле кезде кыргыздын бий, бектеринин, даткалары анын ичинен Алымбек датка кыргыз мамлекетин түзүүгө аракеттенгенин, элдик ырларда: *«Атаны кайран Алымбек/ Өз*

*алдынча кыргызды / Өлкө кылып алууга / Чоң эрдикти салууга / Падыша болуп калууга / Жетишпеди Алымбек*», – деп берилген.

Чындыгында эле Алымбек датканын кыргыз элин, жерин бириктирүүгө аракети болгонуна ишаара кылган Зыябидин Максымдын эскерүүлөрүндө Алымбек датканын Кокон ордосундагы бийлигин ачык жазган. Ал эми кийин Алымкул аталык миңбашы ордодо бийлик жүргүзгөн. Ал жөнүндө Молдо Нияздын: *«Төрө Алымкул адалат/ Келип конду ордого/Булбулуну сайратты/ Кыргыз, кыпчак жигитин /Кой кайтарган кыпчакты/ Кокондо кылды азада/ Кыргыз кыпчак жигитиң / Көрүп жатты савлатти,*- деп кыргыз-кыпчактардын ордодо чындап эле бийликти колго алганын ырастаса, ал эми Зыябидин Максымдын эмгегинде «кыргыздан чыккан» хан экендигин тастыктайт. Андан кийинки күрөштөрдө Кокон бийлигине каршы күрөш башталганда, анын башында Исхак-Полот хан турган. Полот хан - элдик курултайдын негизинде шайланган, курултай кыргыз элинин этносаясий аң-сезиминин бышып жетилгенин көрсөткөн.

Мундуз уруусунан чыккан 35 жаштагы Мамыр Мерген уулу жетектеген көтөрүлүш Жалал-Абад, Сузак, Ханабад кыштактарында башталган. Бул аймактагы элдик кыймыл «Эки-Суу арасындагы көтөрүлүш» деп сыпатталган. Азаттык күрөштүн башында турган Мамыр Мерген туралуу элдик ырда көтөрүлүштүн негизги очоктору айтылат.

Ал эми А.Серебренниковдун эмгегинде Полот хан кыргыздардын кызыкчылыгын коргогондугун жазган. Эске ала турган жагдай, Полот хандын мөөрү көөкөрдүн үлгүсүндө даярдалып, ал бардык мамлекеттик кызматтарга негизинен кыргыздарды койгон.

Демек, 1873–1876-жылдардагы улуттук-боштондук көтөрүлүш кыргыздардын оторчулукка каршы, элдин, жердин бүтүндүгү, «Кокон хандыгынын» өз алдынчалуулугу, кыргыз элинин азаттыгы үчүн күрөшкөндүгүн элдин тарыхый эс тутуму, этносаясий аң-сезими, элдик оозеки чыгармалар жана тарыхый малыматтар далилдейт.

Ошентип, кыргыз эли азаттыкка умтулуунун биринчи мезгилин 1855–1868-жылдары башынан кечирген болсо, ал эми экинчи учурун 1873–76-жылдары ишке ашырууга аракеттенген, ал эми падышанын баскынчыл аскеринен жеңилген, бирок азаттыктын баркын тарыхта даңазалашканын фольклордук, тарыхый-этнографиялык маалыматтар да ырастайт.

Ал эми бөлүмдүн экинчи параграфы **«Орусия падышалыгынын кыргыз элине карата жүргүзгөн отордук саясаты элдик оозеки чыгармаларда жана тарыхый-этнографиялык булактарда баяндалышы»** деп аталып, мында орус оторчулугунун административдик, социалдык-экономикалык, коомдук-саясий мамилелеринин прогрессивдүү жана регрессивдүү жактары каралган. Орус падышалык бийлиги кыргыз жерине бекем орношкон сайын,

келгиндердин кыштактары негизделип, кыргыз элинин турмушунда бир топ өзгөрүүлөр боло баштаган. Орус соодагерлеринин кыргыз жерлерине улам келе башташы, натуралдык чарбанын ордуна товардык чарбанын негизделиши, «малды сойсо эт, сатса пул, көчсө унаа, бакса байлык» деген түшүнүктөрдүн пайда болушуна алып келген.

Олуя Калыгул Бай уулу бул өзгөрүүлөрдү төмөндөгүчө баяндаган: «*Үй пул болоор/ Кул бай болоор/ Тегиз жерден тегирмен жүрөөр/ Тексиз жерден бий чыгаар», - деген ойду айтуу менен* кыргыздардын соода иштеринде акча-тыйын, кыргыздар акча бирдиги катары «жамбы» күмүштөн куюлган, «бөйрөк жамбы, кара кулак жамбы» жана орус акчасы да катарлаш колдонулуп турганын, ошондой эле кыргыздардын этносаясий абалы оторчулардын келиши менен этносоциалдык турмушу модернизациялана баштаганын элдик ыр тастыктоодо.

Ошону менен катар эле кыргыз элинин кийим-кечесинде жаңылануу пайда болгонун олуя Калыгул Бай уулу: *«Алка-жака салынган кийим чыгаар/ Акча кагаз пул болуп/ тыйын чыгаар/ Айылын тоодой аңдыган бирөө чыгаар»,* - деген масилет салган. Ал эми Молдо Кылыч орустардын мамилелери тууралуу: «*Орустун пейли кең экен/ Каапырлыгы тийбесе/ Ынсап салган неме экен/ Өкүмдүк кылбайт элиңе/ Кайда мунун жаманы/ Эмне десе, кыргыздын/ Ишенип калат сөзүнө*»,- деген ыр саптарында орус отордук бийлигине этносаясий жактан обьективдүү баасын берген, оторчулар кыргыздардын ар бир сөзүнө ишенимдүү мамиле жасарын акын ырында тастыктайт. Ал эми генерал-губернатор К.П. фон-Кауфмандын кыргыздар тууралуу: Сарттарга караганда, кыргыздар бир топ эле ыкчам жана маданияттуу калк, – деп ишеним артышы анын жергиликтүү кыргыз элине болгон сый көз карашын айгинелеп турат. Андан сырткары К.П. фон Кауфман жергиликтүү кыргыз элинде: Падышалык бийликти күчөтүү үчүн белгилүү деңгээлде орус маданиятын кан-жанына сиңирүү зарыл, орус мектептерин ачуу керек жана бул багытта көп иштөө керек, - деп орус-тузем мектептерин ачуу иштерин колдоого алган. Генерал-губернатор К.П. Кауфманды кыргыздар «жарым паша» деп аташкан.

Орус бийлигинин башкаруу, соттук саясаттары туурасында олуя Калыгул Бай уулу: «*Миң түтүнгө, бир түтүн/ Болуш чыгат деп айткан/ Буйрук менен кондурган/ Конуш чыгат деп айткан/Узун чөптүн баарысын/ Оруп чыгат деп айткан»,* - деп, отурукташтыруу жана эл каттоо, жерлерди корукка алуу саясаттарынын жүрүштөрү тууралуу алдын ала айткан. Чындыгында эле оторчулардын басып кириши менен 1000–2000 түтүнгө бир болуш, бир айылга бир старчын үч жылда бир шайланган. «Болуш» терминининин аталышы орустун «волость, волостное управление» деген сөзүнөн алынган. Кыргыз тилинде «болуш» болуп өзгөрүп колдонулган.

Шайлоо системасы тууралуу Тоголок Молдо: «*Илгери шайлоо болчу эле/*

*Кээде болбой койчу эле/ Калк-калайык көпчүлүк/ Качан мындай толчу эле?/ Элүү башы, он башы / Ошолор гана болчу эле/ Чыгымын элден алчу эле./ Уезд келип оолугуп/ Манаптарга кончу эле»/,* - деген ырында кыргыз эли болуштан башка шайлоону, бир да кыргыз көрбөгөн, - деп жазган.

Кээде шайлоо учурларында кан төгүлүүгө чейин барган учурлар да кездешкен. 1911-жылдагы шайлоолордо Анжиян уездининде жашаган кыргыздар 11405 түтүн болгон болсо, ал эми шайлоо кезинде 14163 түтүнгө көбөйгөн деп жазылган. Шайлоо учурунда приставды, полицияны, уезддик башкарманы, керек болсо губернаторду дагы сатып алышкан. Шайлоо элдин ынтымак-ыркын кетирген.

Экономикалык өзгөрүүлөр Молдо Кылычтын жазган ырларында: «*Абайласаң Токмокту/ Эки жерде орусу / Какол менен мужуктун / Барынын бир болушу/ Кызыл суу менен Шамшыны /Эгин жайы кылганы / Отор барган жылкыдай/ Орустардын уйлары / Өгүздөрү дөбөдөй/ Кудай бетин көргөзбө!/ Каколдору төрөдөй/ Колго баккан малындай/ Чочколорун карач*ы!»/, - деп сүрөттөлөт. Демек, орус оторчуларынын келиши менен Токмок кааласына караштуу Шамшы эгин талаасында буудай, арпаны кыргыз менен орустар эгишкен.

Кыргыз эли орус падышалыгына баш ийүү менен социалдык турмушунда отурукташуу жүрүп, уруулук чабыштар токтогон, жаңы этносаясий жана социалдык-экономикалык мамилелер пайда боло баштаганын фольклордук тарыхый-этнографиялык маалыматтар да ырастайт.

**Төртүнчү бөлүм “Кыргыздардын оторчулукка каршы күрөшүнүн элдик оозеки чыгармаларда, фольклордун үлгүлөрүндө баяндалышы. Тарыхый-этнографиялык өңүттөгү иликтөө”** деп аталат.

Бул бөлүмдүн биринчи параграфы **«Анжиян кыргыздарынын көтөрүлүшү элдик оозеки чыгармаларда»** деп аталат.

XIX кылымдын экинчи жарымынан кыргыз жеринде **о**рус оторчуларынын кыштактары тездик менен сандык жагынан көбөйө баштаган. Ошону менен катар эле өзгөчө Кыргызстандын түштүгүндө кыргыздардын отурукташуусу күчөгөн. Ошондуктан бул тарыхый мезгилди Арстанбектин ырында*: «Эми орус зор болду/ Кайран кыргыз кор болду/ Байыркыдан барк кетти / Каада-нуска нарк кетти/Бечарага зар заман»,* - деп кыргыздардын күч менен аргасыздан отурукташа баштагандыгын, оторчулардын этносаясаты кыргыз элинин этносаясий аң-сезиминин, каада-салтынын өзгөрүүсүнө таасир эткен.

Жашоо турмуштагы өзгөрүүлөрдүн башталышы жана Камчыбектин дарга асылышы, Балбай, Осмон датка сыяктуулардын салттык укуктарынан ажыратылышы, эл жакшыларынын Шиберге айдалышы, салык этносаясатынын оорлошу элдин нааразылыгын күчөткөн. Натыйжада 1898-жылы Анжиян кыргыздары башка этностор менен чогуу мамлекеттүүлүк, азаттык үчүн

күрөшкө чыгышына себепкер болгон. Анжиян кыргыздарынын көтөрүлүшүн Сырт кыргыздары да колдоого алып турганын Б.Солтоноев да белгилейт.

Ал эми Чыйбыл болуш, Мадали эшен (кызылбаш уругу кыргыздын тейит уруусунун ичинде) жана акын Токтогул, Зиябидин Максым сыяктуу кыргыздын бий, бектери жетекчилери болушкан. Ал эми Токтогул ырларында: «Ак эшен ачкан урушта», - дегени бул Мадали эшен. Кетмен-Төбө аймагынан 64 адам кармалат, ал тизмеде Карталы Салбанов жок, Нурмат Салманов деген гана бирөө бар. Бирок негедир себеби белгисиз.

Токтогул акын ырында: «Айдаралы тирүү келди»,чындыгында Айдаралы Калмырзаев тирүү келген, ошол эле ырында 600 киши атылды деп ырдаган. Бирок 600 адам атылган эмес.Тарыхый булактар жана элдик айтымдарга караганда 70% кыргыз эли катышкан, демек, Андижандагы азаттык кыймылы «Андижан кыргыздарынын» азаттык көтөрүлүшү деп атоого тарыхый-этногафиялык, фольклордук маалыматтар далилдейт.

Ал эми **Төртүнчү бөлүмдүн** экинчи параграфы **«1916-жылдагы улуттук-боштондук көтөрүлүшүнүн элдик оозеки чыгармаларда чагылдырылышы»** деп аталат. Мында кыргыз эли 1916-жылы отордук саясатка жана падышанын жарлыгына каршы чыкканы ачып берилет.

Орус бийлигинин өкүлдөрү кыргыздарды себепсиз эле сабап, токмоктогонун Алдаш Молдо: «*Стражник коюптур / Доңуздай Занин Чоң Колду/ Баарыдан Чоң Кол чоң болду / Жыгып минип биесин (бээсин) / Ээрчип барса иэсин (ээсин)/ Чыгара чаап мээсин/ Жыга муштап өлтүрүп / Кай бирин жанчып, чала өлүк/ Далайды Чоң кол сойлотту / Жесир кылып аялын/ Жетим кылып баласын/ Ботодой Чоң Кол боздотту»*, - деп жазып жатат. Атбашылык участкалык башчы Лутин, аксуулук Григорьев, Загорныйлык участка башчысы Меньшиков сыяктуу келгин орус оторчулары жергиликтүү элди уруп, токмоктошкон. Алдаш Молдо ырларында Лутинди - Занин деп атаган, башкача айтканда, Лутинди кыргыздар «Чоң Кулак-Чоң кол», ал эми орустар «Большой кулак» деп аташкан. Ушундай эле көз карашты тарыхчы К. Үсөнбаев да карманган.

Ал эми 1916-жылдын 25-июндагы орус падышасынын буйругу чыгып ошондон элдин нааразылыгы башталган, аны элдик ырларда: *«О, калайык, калың журт!/ Уктуңарбы бир шумдук/Он төрт жаштан өөдөнү / Кырк эки жаштан төмөнкү / Ак падышалык кызматка / Бересиң балаң солдатка!», –* деп ырдаган болсо, бул ыр саптарында кыргыз эли Ак падыша деп Орус падышасын аташкан.

Буйрукта 19 жаштан 43 жашка чейинкилерди коргоо, тыл жумуштарына тартуу жөнүндө айтылса да, болгон окуяны болуштар өз кызыкчылыктарына пайдаланып, элге маалымат так жеткен эмес.

Ошол эле учурда кыргыз элинде социалдык карама-каршылык курчуган,

жайыт, салык маселелер курчуп турган. Ошол себептен Аксы жергесинде да Таласбай Алыбаевдин жетекчилигинде нааразылыктардын болгондугун, элдик ырда*: Алыбайдын Таласы / Оруска каршы чыкканда / Эл жыйылып айылда / Карасуу менен Сыныда,*- деп айтылган ыр саптары ырастагандай эле куралдуу кагылышууга чейин барганын тарыхчы К. Үсөнбаев да тастыктайт.

Ал эми Чүйдө Шабдандын уулу Мөкүштү, Кочкордо Канаат Ыбыке уулу 24 тууну көтөрүп чыккан жана Ысык-Көлдө Б. Ногоевди кыргыз эли элдик курултайда хан шайлашкан, алар эли менен орус оторчулук бийлигине, кыргыз мамлекеттүүлүгү үчүн, бардыгы биригип 28 тууну уруу-уруктар көтөрүп азаттык үчүн чыгышкан.

Көтөрүлүштү басуу шылтоосу менен орус казактары куралсыз элди, куралдын күчү менен тоо тарапка сүрүп салганын төмөндөгү ыр саптар ырастайт: *«Замбирегин сүйрөтүп / Ар кайсы жерге бир түнөп / Пулемет үнүн укканда/ Биз качтык тоого дүркүрөп/Томолото атышып/ Тоздурду элдин чекесин».*

Чындыгында көтөрүлүш учурунда орустардын жазалоочу аскери замбирек, пулемет менен куралсыз элди атышканын жана казактын ботбай уруусуна караштуу 3 айылын түгөлү менен кырып салса, кыргыздын Ордон, Рыспай, Такиш сыяктуу чакан уруктарын атып салышкан. Ушуга окшош окуяны эскерип, Т.Чороев (Чоротегин) Теңир-Тоодогу Он-Арча суусунун боюнан жазалоочу аскерлердин аткылаганынан качууга мажбур болгон кыргыздар тууралуу элдик ырды талдап көрсөткөн.

Натыйжада кыргыз элинде Канат Ыбыке уулу, Батыркан Ногоевдин жана Мөкүш Шабдан уулунун жана 7ден ашык инсандын эл тарабынан хан шайланышы, кыргыз урууларынын 28 тууну көтөрүп азаттыкка чыгуусу, кыргыз мамлекетүүлүгүн түзүү аракети болгонун ырастайт. Ал эми кыргыз элинин 1916-жылдагы азаттыкка умтулуусунун кандуу басылышы тарыхтагы "эң кайгылуу" мезгил экенин элдик оозеки маалыматтар менен тарыхый-этнографиялык булактар, фотодокументтер тастыктайт.

## КОРУТУНДУ

Ошентип, Орус падышачылыгы Кыргызстанды «ыктыярдуу» делген келишимдер жана куралдуу күчтөр ыкмаларынын ширендиси аркылуу басып алганын элдик оозеки жана тарыхый-этнографиялык, этносаясий, этночарбалык маалыматтар ырастайт.

Оторчулук саясатка баш ийбеген инсандар Ормон хан, Осмон датка, Үмөтаалы, Чаргын сыяктуу кыргыздар азаттыкка умтулуунун биринчи этабында 1855–68-жылдары күрөштү жетектешти. Бирок аргасыздан алар орус бийлигин тааныгандыгын элдик маалыматтар, тарыхый булактар ырастады.

Оторчулардын келиши менен болуштук башкаруу тууралуу элдик ырда «он адамга бир адам болуш чыгат», - деген ыр саптары тастыктайт.

Кыргыз элинин турмушунда жагымдуу экономикалык өзгөрүүлөр да болду. Ага коштолуп, салык саясатында элден ашыкча жыйымдар күчөгөн жана шайлоо системасы пайда болуп, эл ичинде ынтымак бузулган, социалдык тиричилигинде «тегиз жерден тегирмен чыгар, алка жака салынган кийим чыгар» дегендей эле кыргыз элинин этносаясий, этносоциалдык турмушу модернизациялана баштаган.

Азаттыкка умтулуунун экинчи мезгилиндеги – 1873–74-жылдардагы көтөрүлүш Исхак Асан бий уулу тууралуу: «Кара-Дарыядан чаң чыкты, Бостондон Полот хан чыкты», - деген ыр саптарында чагылдырылган. Ал эми 1875–76-жылдардагы улуттук-боштондук көтөрүлүштү Полотбек Токтогул уулу тууралуу элдик ырда: «Дөөлөстөн чыккан хан Полот, ..Кыргызга дайын хан болот» деген маaалымат ырастайт.

Улуттук-боштондук көтөрүлүш аркылуу азаттыкка умтулуунун үчүнчү учуру – 1898-жылы башталды. Анжиян кыргыздарынын жана башка этносторунун азаттыкка чыгуу үчүн көтөрүлүшү (анын жетекчилеринин бири Дукчи эшен - кыргыздын тейит уруусунун кызылбаш уругунан, анын саясый жана руханий дем берүүчүсү - Зиябидин Магзуми жана Чыйбыл болуш, акын Токтогул Сатылгановдар болушкан) элдик оозеки чыгармалар тарабынан ар тараптуу чагылдырылган.

Улуттук-боштондук көтөрүлүш аркылуу азаттыкка умтулуунун төртүнчү этабы 1916-жылы 25-июнундагы ак падышанын буйругу жана оторчулардын башкаруу саясатынан улам дүрт жанган. Бул окуялар элдик оозеки чыгармалар жана башка тарыхый булактар тарабынан кеңири сыпатталган.

Ошентип, Кыргыз элинин турмушу оторчулук доорунда модернизацияланды жана орусиялык отордук саясатынын социалдык-экономикалык жактан прогрессивдүү, регрессивдүү жактары менен коштолду.

1855–1868-жылдардагы Осмон, Үмөтаалы сыяктуулардын азаттыкка умтуулусу жана 1873–1876-жылдардагы улуттук-боштондук көтөрүлүштүн уландысы катары 1898-жылдардагы «**Анжиян кыргыздарынын» жана башка калктардын** улуттук-боштондук көтөрүлүшү эсептелет. Ал эми 1916-жылдагы улуттук-боштондук күрөштүн жазаланышы бардык мезгилдердеги азаттыкка умтулуу тарыхындагы «эң кайгылуу» окуя болду.

**“Кыргыз элинин азаттык күрөшүнүн көчмөндүк ыкмасы**” тууралуу айтсак, байыркы мезгилден баштап кыргыз эли ар дайым мамлекеттүүлүккө карай умтулуп келет. Мында тарыхый инсандардын ролу эбегейсиз. Алымбек датка, Алымкул аталык, Полот хан, хан Полотбек Токтогул уулу, Абдылдабек, Мамыр Мерген, Осмон датка, Үмөтаалы, Дукчи эшен, Чыйбыл болуш жана Б. Ногоев, Канаат Ыбыке уулу, Шабдан уулу Мөкүш сыяктуу инсандар кыргыз жеринин, элинин биримдигин, эркиндикти туу туткандар, мамлекеттүүлүктүн бирдиктүү идеясын карманган мекенчил инсандар

болушкан. Алардын ишмердиги тарыхый булактар жана элдик оозеки чыгармалардын негизинде ар тараптуу тастыкталды.

Жыйынтыгында айта турган болсок, бул эмгегибизде XIX кылымдын экинчи жарымы – XX кылымдын башындагы орус оторчулугунун доорун элдик оозеки чыгармалар аркылуу изилдеп чыккандан кийин төмөндөгүдөй **практикалык сунуштар берилет:**

- Орусия падышачылыгынын Кыргызстандын аймактарын каратып алуусунун элдик оозеки чыгармаларда чагылдырылышын мындан ары дагы терең жана ар тараптуу изилдеп, Ата Мекен тарыхына өз алдынча тема катары киргизүүнү сунуштоо;
- Үстүртөн каралып келген тарыхый инсандардын (Исхак Асан бий уулу - бостон уруусунан, хан Пулатбек Токтогул уулу - уруусу төөлөс, Момун Шамурзак уулу - уруусу кытай, Мадали эшен - тейит уруусунун ичиндеги кызылбаш уругунан) бейнеси кайрадан каралып, тактоолорду киргизүү;
- Көп этностуу Кокон хандыгында кыргыздардын ордун тарыхый эс тутумдагы жана фольклордук маалыматтар менен тастыктоону улантуу.
- Элдик оозеки чыгармалар аркылуу такталган маалыматтарды коомчулукка жеткирүү үчүн түрдүү форматтагы илимий-практикалык конференцияларды уюштуруу болуп эсептелет.
- Илимий жаңылыктардын жыйынтыктарын Кыргызстандын тарыхы боюнча бириктирилген эмгектерине киргизүү;
- Жогорку жана орто кесиптик окуу жайларында атайын «Фольклор жана тарых» аталышындагы курстарды уюштуруу.

**Диссертациянын темасы боюнча жарыяланган эмгектердин тизмеси;**

1. Наркеев, С.А. Түштүк Кыргызстандагы Кокон бийлиги жана элдик оозеки чыгарма [Текст] / С.А. Наркеев // ЖАМУнун жарчысы. - 2008. №1. - 94-99-бб.

2. Наркеев, С.А. Кыргыз элдик оозеки чыгармалары Орус колониализми жөнүндө [Текст] / С.А. Наркеев // ЖАМУнун жарчысы. -2008. №1. - 100-103-бб.

3. Наркеев,С.А. Некоторые аспекты использования фальклорных источников в исторических исследованиях [Текст] / С.А. Наркеев // Отан тарихи. Казакстан Республикасы Илим жана билим министрлиги Ш.Валиханов атындагы Тарих жанэ этнология иститутуу. - Алма-Ата, 2009. №2. - С. 187-193.

4. Наркеев, С.А. Алай кыргыздарынын эркиндик, мамлекеттүүлүк үчүн күрөшү [Текст] / С.А.Наркеев // Известия ВУЗов. Бишкек, 2009. №2. -144-148-бб.

5. Наркеев, С.А. Анжиан көтөрүлүшү жана Т. Сатылганов [Текст] / С.А. Наркеев // КУУнун түзүлгөндүгүнүн 15 жылдыгына карата эл аралык илимий

практикалык конференция. Наука и образование Техника жарчысы. – Ош, 2009. - №2 (1). - 85-87-бб.

6. Наркеев, С.А. Анжиан көтөрүлүшү жана Т. Сатылганов жана Молло Ныяздын ырларында [Текст] / С.А.Наркеев // КУУнун түзүлгөндүгүнүн 15 жылдыгына карата эл аралык илимий практикалык конференция. Наука и образование Техника жарчысы. - №2 (1). - Ош, 2009. - 85-87-бб.

7. Наркеев, С.А. Орус келгиндери жана орусташтыруу принциби элдик оозеки чыгармаларда [Текс] / С.А.Наркеев // Эл агартуу журналы. Бишкек, 2009. - №2 (3). - 29-33-бб.

8. Наркеев, С.А. 1916-жылдагы улуттук-боштондук кыймыл жана элдик оозеки чыгармаларларда чагылышы. [Текст] / С.А.Наркеев // Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улутттук университетинин жарчысы, атайын чыгарылышы. 2014. -159-161-бб.

9. Наркеев, С.А.Элдик көтөрүлүш (1873-1876-жж) жана элдик оозеки чыгармалар [Текст] / С.А.Наркеев // Ж.Баласагын атындагы Кыргыз

Улутттук Университетинин жарчысы, атайын чыгарылышы. - Бишкек- 2014. -162-166-бб.

10. Narkeev, S.A. The reflection in the folklore of Mamyr Mergens role in Andifn Kyrgyz peoples uprising for Fridom [Текст] / С.А.Наркеев // Modern Science 2016. № 10, - Moscow, 2016. -P. 122-128. Founder and pubIistegic «Strategic Studies Institute» LLC.

11. Наркеев, С.А. Отражение в устном народном творчестве первых дипломатических отношений царской России с кыргызским народом.[Текст] / С.А.Наркеев // Интернаука. Научный журнал. - Москва. 2017. - №4(8) февраль - С.32-35.

12. Наркеев, С.А., Чилетова А.Д. Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн идеясы оозеки чыгармаларда чагылышы (акын Женижок, Токтогулдун ырларынын негизинде) [Текст] / С.А.Наркеев, А.Д.Чилетова. ЖАМУнун Жарчысы., 2017. - №4 (8) февраль - 98-102-бб.

13. Наркеев, С.А. Миңбай датканын эрдиги элдик оозеки чыгармаларда баяндалышы.[Текст] / С.А,Наркеев. Кыргыз улуттук илимдер академиясынын жарчысы. Бишкек, 2020. № 3 -52-55-бб.

**Наркеев Сапарбек Анарбековичтин «Элдик оозеки чыгармалар орус колониализми боюнча тарыхый-этнографиялык булак катары» (XIX кылымдын экинчи жарымы) аттуу 07.00.07 – этнография, этнология жана антропология, адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын (Бишкек, 2021)**

## РЕЗЮМЕСИ

**Негизги сөздөр**: азаттык, улуттук-боштондук көтөрүлүш, эркиндик, элдик оозеки чыгармалар, тарыхый булактар, оторчулук, баскынчылык, фольклор, баатырлар, уламыштар, ырлар, санжыралар, тарыхнаама, цензура.

Иштин **максаты** – падышалык Орусиянын кыргыз элиндеги оторчулук саясатынын жана ага каршы күрөштүн элдик оозеки чыгармаларда чагылдырылышын ар тараптуу изилдөө болуп саналат.

**Изилдөөнүн обьектиси** – Орусия падышачылыгынын Кыргызстандагы XIX кылымдын экинчи жарымы – XX кылымдын башындагы оторчулук доорунун элдик оозеки чыгармаларда чагылдырылышын тарыхый-этнографиялык нукта комплекстүү изилдөө.

**Изилдөөнүн предмети** – кыргыз элинин элдик оозеки чыгармаларынын, элдик айтымдардын жана тарыхый-этнографиялык булактардын маалыматтарынын негизинде Кыргызстандагы XIX кылымдын экинчи жарымы – XX кылымдын башындагы падышалык Орусиянын оторчулук саясатынын жүрүшү жана алардын тийгизген таасирлери, салык, башкаруу саясаты, түпкү калктын азаттыкка чыгуу күрөшү, инсандардын ролу тууралуу изилдөө.

**Диссертациянын темасынын негизги илимий-изилдөө иштери менен байланышы.** Диссертация Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин Жалпы тарых кафедрасында аткарылды жана демилгелүү иш болуп саналат.

**Изилдөө ишинин методологиялык негизин** тарыхый обьективдүүлүк принциби түздү жана эмгекти жүзөгө ашырууда булак таануучулук, тарыхый-этнографиялык, лингвистикалык, салыштырма-тарыхый, комплекстүү талдоо, сурамжылоо, маектешүү ыкмалары колдонулду.

**Диссертациянын илимий жаңылыгы –** эмгекте Кыргызстандын этнология илиминде алгачкы жолу элдик оозеки чыгармалар XIX кылымдын экинчи жарымы – XX кылымдын башындагы падышалык Орусиянын оторчулук саясаты боюнча тарыхый-этнографиялык булак катары каралып жаткандыгында.

**Диссертацияда алынган жыйынтыктардын практикалык мааниси.**

1. Диссертациянын материалдары, илимий жыйынтыктары Кыргызстандын тарыхын жана маданиятын окутууда колдонулат;

2. Диссертациянын материалдары инсан таануу багыттарындагы изилдөөлөрдө пайдаланылат;

3. Диссертациянын материалдары жалпы эле Кыргызстандын тарыхын иликтөө иштеринде, окуу китептеринде, атайын курстарды даярдоодо, ЖОЖдордун окуу жүрүмүндө пайдаланылышы күтүлөт.

## РЕЗЮМЕ

**диссертации Наркеева Сапарбека Анарбековича на тему «Устные народные произведения как историко-этнографические источники по истории российского колониализма» (вторая половина XIX века) на соискание ученой степени кандидата исторических наук по специальности 07.00.07 – “тнография, этнология и антропология (Бишкек, 2021)**

**Ключевые слова:** освобождение, национально-освободительное восстание, свобода, народное устное творчество, исторические источники, колониализм, агрессия, фольклор, герои, легенды, песни, родословные, историография, цензура.

**Цель работы –** всесторонний анализ отражения колониально-административой политики царской России в кыргызских землях и борьбы против нее в памятниках устного народного творчества кыргызского народа.

**Обьектом исследования** является комплексное историко-этнографическое исследование отражения колониальной политики царской России в Кыргызстане во второй половине XIX – начала XX веков в произведениях устного народного творчества кыргызского народа.

**Предметом исследования** является исследование хода осуществления колониальной политики Российской империи в Кыргызстане во второй половине XIX – начале XX веков, его влияние на налоговую политику, систему управления, национально-освободительную борьбу коренного народа, роль исторических личностей, отраженных в устном народном творчестве, народных преданиях и историко-этнографических источниках кыргызского народа.

**Связь темы диссертации с основными научно-исследовательскими программами.** Диссертация выполнена на кафедре Общей истории Джалал-Абадского Государственного университета им. Б. Осмонова и является инициативной работой.

**Методологическую основу исследовательской работы** составил принцип исторического объективизма и при написании работы были использованы такие методы, как источниковедческий, историко-этнографический, лингвистический, сравнительно-исторический методы, комплексный анализ, методы опроса и беседы.

**Научная новизна исследования** состоит в том, что впервые, в этнологической науке Кыргызстана произведения устного народного творчества рассматриваются как историко-этнографический источник для исследования колониальной политики царской России в Кыргызстане во второй половине XIX – начала XX веков.

**Практическая значимость полученных результатов диссертации:**

1. Материалы диссертации, научные результаты могут применены в изучении истории и культуры Кыргызстана;

2. Материалы диссертации могут быть использованы в исследованиях по аспектам «личностноведения»;

3. Материалы диссертации могут быть привлечены при исследовании общей истории Кыргызстана, написании учебных пособий, проведении спецкурсов, в учебном процессе в высших учебных заведениях.

**SUMMARY**

of the dissertation by Mr. Saparbek Anarbekovich Narkeev entitled "The Oral Folklore Works as Historical and Ethnographic Sources on the History of Russian Colonialism" (Second Half of the 19th Century) for the degree of Candidate of Historical Sciences in the specialty of 07.00.07 - Ethnography, Ethnology and Anthropology (Bishkek, 2021)

**Key words:** liberation, national liberation uprising, freedom, folk oral creativity, historical sources, colonialism, aggression, folklore, heroes, legends, songs, genealogies, historiography, censorship.

**Purpose of the work** is a comprehensive analysis of the reflection of the colonial-administrative policy of tsarist Russia in the Kyrgyz lands and the struggle against it in the monuments of oral folklore of the Kyrgyz people.

**The object of the research** is a comprehensive historical and ethnographic study of the reflection of the colonial policy of tsarist Russia in Kyrgyzstan in the second half of the 19th – early 20th centuries in the works of oral folklore of the Kyrgyz people.

**The subject of this research** is the study of the course of the implementation of the colonial policy of the Russian Empire in Kyrgyzstan in the second half of the 19th – early 20th centuries, its impact on tax policy, the system of governance, the national liberation struggle of the indigenous people, the role of historical figures reflected in oral folklore, folk legends and historical and ethnographic sources of the Kyrgyz people.

**The connection of the topic of the dissertation with the main research programs**. The dissertation was completed at the Department of General History of the Jalal-Abad State University named after B. Osmonov and is an initiative work.

**The methodological basis** of the dissertation was formed by the principle of historical objectivism; and during writing the work, such methods as source study, historical and ethnographic, linguistic, comparative historical methods, complex analysis, survey and conversation methods were used.

**The scientific novelty** of the research lies in the fact that for the first time, in the ethnological science of Kyrgyzstan, works of oral folklore are considered as a historical and ethnographic source for the study of the colonial policy of tsarist Russia in Kyrgyzstan in the second half of the 19th – early 20th centuries.

**Practical value of the thesis results obtained**:

1. The materials and scientific results of the dissertation can be applied in the study of the history and culture of Kyrgyzstan;

2. The materials of the dissertation might be used in research in the aspects of personalities' studies;

3. The materials of the dissertation can be used in the study of the general history of Kyrgyzstan, writing textbooks, conducting special lecture courses and in the educational process in higher educational institutions of the country.

Өлчөмү 60х84 1/16. Көлөмү 1,5 б.т.
Офсет кагаз. Офсеттик басуу. Нускасы 100.

«Сарыбаев Т.Т.» Ж.И.
Бишкек ш., Раззаков көч, 49
т. 0 708 058 368
e-mail: talant550@gmail.com